УДК: 316.3/4

**Адышева Назгүл Кабылбековна**
Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык
университетинин ага окутуучусу

**ЖАШТАР АРАСЫНДА УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖАЙЫЛТУУ ТЕНДЕНЦИЯСЫ**

**Адышева Назгүл Кабылбековна**
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова
старший преподаватель

**ТЕНДЕНЦИИ РАСПРОСТРАНЕНИЯ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ СРЕДИ МОЛОДЕЖИ**

**Adysheva Nazgul Kabulbekovna**
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov Senior Lecturer

**TENDENCY RASPROSTRANENIYA NATIONAL VALUES AMONG THE YOUTH**

**Аннотация**. Макалада жаштар арасында улуттук баалуулуктарды жайылтуунун азыркы тенденциялары каралды. Улуттук баалуулуктар – ар бир элдин маданий мурасы, тарыхый иденттүүлүгү жана руханий негиздери болуп саналат. Жаңы муундун улуттук аң-сезимин калыптандырууда үй-бүлө, билим берүү мекемелери, массалык маалымат каражаттары жана социалдык түйүндөрдүн ролу чоң. Улуттук баалуулуктарды жайылтуунун эффективдүү ыкмалары катары заманбап технологияларды, маданий иш-чараларды жана тарбиялык программаларды сунуштасак болот. Ошондой эле, макалада ааламдашуунун улуттук иденттүүлүккө тийгизген таасири жана жаштардын руханий баалуулуктарга болгон мамилеси талданды. Азыркы ааламдашкан доордо жаштардын улуттук аң-сезимин жана маданий мурасын сактап калуу маселеси өзгөчө мааниге ээ болууда. Улуттук баалуулуктар – бул ар бир элдин маданий, тарыхый жана руханий өзгөчөлүктөрүн чагылдырган негизги элементтердин жыйындысы. Алар улуттун биримдигин, өзгөчөлүгүн жана туруктуулугун камсыз кылат. Жаштар арасында улуттук баалуулуктарды жайылтуу тенденциясы билим берүү, маданий иш-чаралар, санариптик технологиялар жана коомдук кыймылдар аркылуу ишке ашырылат.

**Негизги сөздөр:** Улуттук баалуулуктар, жаштар, иденттүүлүк, маданият, ааламдашуу, салттуу мурас, билим берүү, социалдык түйүндөр

**Аннотация.** В статье рассматриваются современные тенденции продвижения национальных ценностей среди молодежи. Национальные ценности — это культурное наследие, историческая самобытность и духовные основы каждой нации. Семья, образовательные учреждения, средства массовой информации и социальные сети играют важную роль в формировании национального сознания нового поколения. Мы можем предложить современные технологии, культурные мероприятия и образовательные программы как эффективные методы продвижения национальных ценностей. В статье также анализируется влияние глобализации на национальную идентичность и отношение молодежи к духовным ценностям. В современную эпоху глобализации вопрос сохранения национального самосознания и культурного наследия молодежи становится особенно важным. Национальные ценности — это совокупность основополагающих элементов, отражающих культурные, исторические и духовные особенности каждой нации. Они обеспечивают единство, идентичность и стабильность нации. Тенденция продвижения национальных ценностей среди молодежи реализуется через образование, культурные мероприятия, цифровые технологии, общественные движения.

**Ключевые слова:** Национальные ценности, молодежь, идентичность, культура, глобализация, традиционное наследие, образование, социальные сети.

**Abstract.** The article discusses modern trends in promoting national values among young people. National values are the cultural heritage, historical identity and spiritual foundations of each nation. Family, educational institutions, mass media and social networks play an important role in shaping

the national consciousness of the new generation. We can offer modern technologies, cultural events and educational programs as effective methods of promoting national values. The article also analyzes the impact of globalization on national identity and the attitude of young people to spiritual values. In the modern era of globalization, the issue of preserving national identity and cultural heritage of young people is becoming especially important. National values are a set of fundamental elements reflecting the cultural, historical and spiritual characteristics of each nation. They ensure the unity, identity and stability of the nation. The trend of promoting national values among young people is realized through education, cultural events, digital technologies and social movements.

**Key words:** National values, youth, identity, culture, globalization, traditional heritage, education, social networks.

Азыркы ааламдашуунун шартында улуттук баалуулуктарды сактоо жана жайылтуу маселеси өзгөчө мааниге ээ болууда. Улуттук баалуулуктар – бул элдин маданий мурасы, тарыхый иденттүүлүгү жана руханий негиздери. Алар аркылуу муундар ортосундагы байланыш бекемделет жана коомдун туруктуулугу камсыз кылынат. Бул макалада жаштар арасында улуттук баалуулуктарды жайылтуунун заманбап ыкмалары, көйгөйлөрү жана алардын чечүү жолдору каралды. Ааламдашуунун шартында көптөгөн өлкөлөр өз маданий өзгөчөлүгүн жоготуп, бирдиктүү дүйнөлүк маданиятка аралашууда. Бул процесс жаштардын улуттук баалуулуктарга болгон кызыгуусунун төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн. Ошондуктан, улуттук иденттүүлүктү сактоо үчүн салттуу жана заманбап ыкмаларды айкалыштыруу зарыл. Улуттук баалуулуктар ар бир элдин өзгөчөлүгүн чагылдырган руханий, адеп-ахлактык, маданий жана тарыхый элементтерден турат. Алардын негизинде жаштардын инсандык сапаттары калыптанат жана коомго болгон жоопкерчилиги күчөйт. Улуттук баалуулуктарга тил, салт-санаа, маданият, үрп-адат, үй-бүлөлүк тарбия жана улуттук символдор кирет. Бул элементтерди жаштарга сиңирүү – өлкөнүн келечегин чыңдоонун башкы шарты. Улуттук баалуулуктардын ар бир эл үчүн өзгөчө мааниге ээ экени баса белгиленген. Алар маданий, руханий, адеп-ахлактык жана тарыхый элементтердин жыйындысы болуп саналат. Бул баалуулуктар жаштардын инсандык сапаттарын калыптандырууга жана коомго болгон жоопкерчилигин күчөтүүгө өбөлгө түзөт. Ошондой эле, тил, салт-санаа, үрп-адат, үй-бүлөлүк тарбия жана улуттук символдор сыяктуу элементтер аркылуу жаштардын улуттук иденттүүлүгү чыңдалат [1, 46-47-б.].Билим берүү системасында тарых, фольклор, тил жана салттуу үрп-адаттар боюнча сабактарды күчөтүү, маданий мурасты сактоо жаатында түрдүү долбоорлорду ишке ашыруу маанилүү роль ойнойт. Ошондой эле, социалдык медианын жана санариптик платформалардын жардамы менен жаштар улуттук баалуулуктар тууралуу маалыматтарды кеңири жайылтууда.Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаш муундар улуттук иденттүүлүктү сактоо менен бирге, заманбап технологияларды колдонуп, салттуу баалуулуктарды жаңычыл форматта коомчулукка сунуштоо жакшы саамалык. Бул процесс жаштар арасында патриоттуулук сезимин өрчүтүп, алардын өз өлкөсүнө жана маданиятына болгон сый-урматын арттырат.

Жаштар арасында улуттук баалуулуктарды жайылтуу ыкмалары:

1. Билим берүү жана тарбия. Улуттук баалуулуктарды жаштарга жеткирүүнүн эң натыйжалуу жолу – билим берүү системасы. Мектептерде жана жогорку окуу жайларында тарых, маданият жана адабият сабактарын тереңдетилген негизде окутуу керек. Ошондой эле, улуттук баалуулуктарга басым жасаган тарбиялык иш-чараларды уюштуруу жаштардын иденттүүлүгүн калыптандырууга жардам берет деп ойлойм.
2. Маданий иш-чаралар. Концерттер, фестивалдар, театр коюлмалары жана улуттук оюндар улуттук баалуулуктарды жайылтуунун натыйжалуу куралдарынын бири. Мындай иш-чаралар жаштарга өз маданиятын жакындан таанып-билүүгө жана ага сый-урмат менен мамиле кылууга шарт түзөт.
3. Социалдык түйүндөр жана медианын ролу. Бүгүнкү күндө жаштардын негизги маалымат булагы – интернет жана социалдык түйүндөр. Улуттук баалуулуктарды жайылтуу үчүн социалдык медиада кызыктуу видеолор, макалалар, подкасттар жана документалдык тасмалар жарыялануусу керек. Бул ыкма жаштардын заманбап технологияларга болгон кызыгуусун эске алуу менен, улуттук

иденттүүлүктү бекемдөөгө өбөлгө түзөт.

4. Үй-бүлөлүк тарбия. Улуттук баалуулуктарды жайылтууда үй-бүлөнүн орду чоң. Ата-энелер балдарына улуттук үрп-адаттарды, каада-салттарды жана маданий мурастарды үйрөтүүдө негизги роль ойнойт. Үй-бүлөдөгү тарбия аркылуу бала улуттук маданиятты бала кезинен өздөштүрөт [2, 80-84-б.].

Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары ар бир улуттун, элдин туу туткан, алмуздактан бери аздектеп, эненин сүтү, бешиктеги ыры, атанын кеби, нарктуу санжыралары менен укумдан- тукумга, атадан балага сакталып, өтүп келген. Улуттун улуттугун сактаган өзгөчөлүгү десем болот. Кыргыз элинин байыртадан бери сактап келе жаткан баалуулуктары көп. Биздин тарыхыбыз, тилибиз, динибиз, маданиятыбыз, салт-санаабыз, тарыхый эстеликтерибиз, нарк-насилибиз. Бирок доор алмашкан сайын, баалуулуктар өзүнүн ордун жоготуп, коом өзгөргөн сайын баалулуктарга болгон көз караштар өзгөрүп келет. Айрыкча ааламдашуу заманында, интернет доорунда бир коомдук башкаруудан экинчи коомдук жолго түшүп, башка күчтүү коомдордун маданиятына жетеленип, өзгөчөлүгүбүздү жоготуп баратабыз.

Улуттук баалуулуктарыбыз күн өткөн сайын жок болуп унутулуп бараткан сыяктуу. Алар коомдун жана улуттун бешигинде өнүгүп жаралат. Маселен, эне тилибиз, салт-санаабыз, үрп-адатыбызды эле алалычы. Ал дарактын көркүн ачкан мөмөлөрү жана гүлдөрү сыяктуу. Өз маданиятын калыптандыра албаган жана жоготуп койгон улут, жемиш бербеген же аны жоготкон дарак сыяктуу. Ар бир кыргыз ата-бабалардын салтын үрп-адатын билип, кийинки муунга берүүсү керек. Себеби элди эл кылган, жана башка элдерден айрымалаган бул-улуттук баалуулуктары. Мында ата-эне, чоң ата, чоң эне, таята, таене, ага-эжелердин катышуусу менен өз турмуштук тжрыйбасында колдонуп келген мыкты журум-туруму, билген өнөрлөрү менен бөлүшүү, балдарды турмушка даярдоо максаты ишке ашырылат. Анткени боз үй деген эмне экенин билгенибиз менен, аны кантип тигүү керектигин, жасалгаларын жасоо, ички буюмдарын туура жайгаштырууну баарыбыз эле биле бербейбиз. Дасторконго баары отурган сон гана ата-эне баштамайын тамакка кол салбоо керектиги же бата кылмайынча андан туруп кетпоо сыяктуу үй-бүлө эрежелери бүгүн унутта калып, сакталбай калгандыгы өтө өкүнүчтүү. Анткени бул балдардагы улууну урматтоо, ата-энени сыйлоо сапаттарын калыптандырып, үй-бүлөдөгү ынтымактын сакталышынын бирден бир өбөлгөсү экенин эсибизден чыгарбоого жардам берет [3, 135-б.].

Кыргыздар ар дайым улутун, тилин, дилин, наркын бузбай сактап келген эл. Улуттук баалуулуктар-бизди башка улуттардан айырмалап турган эң негизги өзгөчөлүгүбүз. Билим уясы болгон мектебибиздин негизги миссиясы- улуттун тилинде терең ой жүгүртүп, сүйлөй алган, улут маданиятынын көрөңгүсүнө сугарылган мыкты инсандарды тарбиялап чыгаруу болуп саналат. Бүгүнкү базар экономикасынын бардак шартында кыргыз эли, кыргыз коомчулугу оор сыноону баштан кечирип атат. Текши жумушсуздук кечээги турмуштан каниет алып, бардар оокатка башын бурган адамдарды көчөгө түртүп, рухий көрөңгөсү бөксө кишилер чөгүп, алды аракка берилип, бекерпоздук күч алды. Кыргыз элинин кылымдап калыптанган каада-салты, маданий дөөлөтү совет доорундагы эксперименттин айынан чалдыбары чыгып, бүгүнкү базар шарында бардык баалуулуктарынан айрыла баштады. «Кыргыз эли 2200 жылдык тарыхы бар кылым карыткан эл» деп төш кагып, дүйнөгө дүң салганыбыз менен, азыркы абалыбызды аңдап, келечегибизге чабылып аткан балтаны ачык баамдашыбыз зарыл. Ал, биринчи кезекте, балдарды тарбиялоо маселеси болуп саналат. Мындай көңүл өйүткөн проблемага өтөөрдөн мурда, адегенде, азыркы кыргыздарда жолго коюлган тарбиялоо түшүнүгү барбы деп суроо койгум келет. Мисалга алсак, Азия континентиндеги керемет жетишкендиктерди жараткан жапон калкы балдарды тарбиялоо жагынан да айрымаланат. Алты жашка чейин өспүрүмгө падышадай мамиле жасалып, ал эмнени кааласа ошол аткарылат. Жапондук наристе алты жашка келгенден тарта акыл-насаат менен кошо тарбия ала баштайт. Мында жапон калкынын кылымдап топтолгон маданий, рухий дөөлөттөрү пайдаланылып, наристе өз элинин тарыхын билген, каада-салтын сыйлаган инсандык баалуулуктарга бөлөнөт. Жапон элинин жаштарга жасаган мындай мамилесинин жана тарыхы менен маданий

дөөлөттөрүн урматтагандыгынын аркасында, Жапон мамлекети Батыш цивилизациясы менен тең ата өнүгүп келатат [4, 226-б.].

Буга чейинки жана азыркы дүйнөлүк илим, маданият, искусство тармагындагы жетишкен ийгилиги жагынан еврей калкына эч ким тең келе албаса керек. Кыргыздар айтмакчы «алты саның аманда, артта жүрүш жаман да» дегендей, адамдын физиологиясы бирдей жаралган, элдердин ортосунда деле кескин айрымачылыктар жок. Анда эмне үчүн жогоруда айтылган тармактарда еврей элинин салымы зор? Балким анын сыры балдарды тарбиялоо жагдайында болуп жүрбөсүн? Чыны менен эле еврей үй-бүлөсүндөгү наристени тарбиялоо иши кыргыздардыкынан кескин айрымаланат. Еврей үй-бүлөсүндө бала - «башы-көзү чарпадай макулук» эмес, ал ата-энедей эле салмагы бар, айрым убакта аны жарык дүйнөгө алып келгендерден артыкчылыкка эгедер адам. Ооба, еврей наристесине тең ата адамдай мамиле жасалат. Жеткинчек жаштайынан эле үй-бүлөдөгү маселелерди чечүүгө катышып, ата-энеси болсо анын пикири менен эсептешпей коюшпайт. Ал түгүл, жеткинчектин оюу, көз карашы колдоого алынып, ата-энеси ага өз алдынча ойлонууга багыт берет. Баланын ата-энеси аны колдоп, айтканын аткарып эле тим болбой, жеткинчекти «сен акылдуусуң, генийсиң» деп ишендирет. Мисалы, «Авраамчик, мындай ой сага кандайча келди, сен генийсиң» деп атасы айтып турса, бала кантип канат байлабай койсун? Ал чын эле мен акылдуумун деп ишенип баштайт. Мындан тышкары еврей баласынын жалаң акылдуу адамдардын чөйрөсүндө болушуна аракет кылат. Жашы алтыга чыга элек өспүрүм архитектор, профессор, врач, композиторлордун арасында жүрүп эле тим болбой, алардын маегине аралашып, өз оюн билдирүүгө акылуу. Минтип алар адегенде баланын адам экендигине ишеним жаратышат. Жаш жеткинчек интеллектуалдардын чөйрөсүнө жуурулушуп, акыл, маданияттуулук эмне экенин билет, башкача айтканда, ал бала кезинен акылдуу болууга үйрөнөт.

Эми акыркы мисалды кыргыз үй-бүлөсүнө оодарып көрсөк. Кыргызга конок келсе баланын колуна конфет карматылып, адегенде «бар, ойноп кел» деген сөздү угат. Эгер жеткинчек ашыкча аракеттенип сөзгө аралашам десе,«эй,жубарымбек,баладеген баладай болчу эле, ооздон сөз талашпа» деген кагуу жейт. Башка жагынан кыргыз үй-бүлөсүндөгү коноктоосу еврей калкынан кескин айрымаланат эмеспи. Өкүнүчтүүсү, соңку мезгилде ал арак ичип, бир мазмунда сүйлөнчү жадатма тостко айланды.

Убагында Калыгул көсөм жалаң тамакты сүйлөгөн же бири-бирин укпай, оздон сөздү жулган үйгө түшпөй, накыл кеп козгоп, санжыргалуу сөз байырлаган айылга конгон экен. Ал сыңары мурда кыргыздар да акылды жогору баалаган, тарбия маселесине маани берип мамиле жасаган. Бирок азыркы кыргыздар балдарды тарбиялоо ишин арабөк таштаашты. Көбүнесе, тарбия деп баланы зекип, матап, анын адамдык сапатын кордоо, басынтуу өнөкөткө айланып кетти. Мисалы, еврейге окшоп баланы көтөрмөлөп «сен акылдуусуң» дегендин ордуна «жетесиз, шүмшүк, мээси жок, макоо» деген басынтуучу сөздөр кыргыз үй-бүлөсүндө арбын колдонулат. Балдардын психологиясын изилдеген адистердин иликтөөлөрүнө ылайык, эгер жеткинчекти жаш кезинен «сен макоосуң» дей берсе, ал ошого көнөт экен. Кээде: «Биздин кыргыздын уландары уяң, орустардай эмне батымдуу эмес?» - деген сөздөрдү угуп каласың. Анын себеби да кыргыз элине кеңири тараган тарбия багытында жатат. [5, 188-б.].

Бүгүн дүйнөдө ааламдашуу жүрүп, маданият аралышып, улуттук баалуулуктар жоголо баштады. Эгер кыргыз эли өзү жок, тарыхта аты эле калган этностордун катарына кошулгусу келбесе, балдарды тарбиялоо ишине маани коюп мамиле жасашы зарыл.

Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары жана жаштарга билим, тарбия берүүдөгү көйгөйлөр жөнүндө айта турган болсок, кан-жаныбыз менен жуурулушуп, жашообуздун, аң-сезимибиздин, акыл-ой дараметибиздин негизги руханий азыгы катары кызмат кылып, ондогон кылымдар кыргыз эли башынан кечирип келген ар кандай оор заман шарттарына карабай сакталып, муундан-муунга өтүп келаткан улуттук мүнөзүбүз, жашоо образыбыз аркылуу жеке өзүбүзгө гана таандык болгон улуттук өзгөчө терең философиябыздан, карт тарыхыбыздан даана кабар берип турган баалуулуктарыбыз – түптүү улуттук маданиятыбыздын өзөгү, улуттук байлыгыбыз. Кыргыз элинин улуттук баалуулуктары анын алгач өзүнчө уруу, андан кийин улут катары калыптана

баштаган биздин заманга чейинки экинчи кылымдан тарта улуттун гана эмес, жалпы көчмөндөр маданиятынын түптөлүшүнө, өсүп-өнүгүшүнө жана жайылышына өз салымын кошуп келгендиги тарых барактарынан кеңири маалым.

Кылымдарды карыткан кыргыз тарыхынан белгилүү болгондой, күтүүсүз катылган жоого каршы ар дайым даярдыкта болуу, аскердик, коргонуу маселелерин акылгөйлүк жана тапкычтык менен ыкчам чечүү жолдорун издөө сыяктуу эле, көчүп-конууда көп убакытты жана убаракерчиликти талап кылбаган, бир мык да колдонулбай жасалып, курганга да, жыйнаганга да, көчкөнгө да өтө оңтойлуу, жайда салкын, кышында жылуу температураны камсыз кылган, жашоого абдан ыңгайлуулугу менен айырмаланган боз үйлөр баш болгон кыргыз кол өнөрчүлүгүнүн өзгөчө үлгүлөрү көргөн адамды көңүл кош калтырбаса, көк бөрү, эңиш, күрөш, жамбы атмай, ордо, бүркүт салуу, ат чабыш, жорго салыш жана башка ондогон улуттук оюндар кыргыз жигиттеринин жалтанбастыгынан, чабандестигинен, ата журтун коргогон баатырдыгынан, эрдигинен кабар берет, улуттук нарк-насил, каада-салт маданиятын чагылдырган – көч тосуп алуу жана узатуу, кудалашуу, кыз узатуу, кыз баланы да, уул баланы да жаш курагына жараша кийиндирүү, наристени бешикке бөлөө, жентек берүү, тушоо кесүү, отургузуу, конок тосуу салттары менен катар элибиздин өзгөчө меймандостугу, сөздү сыйлоо, барктоо, урматтоо, сөзгө маани берүү, таамай, калыс айтылган сын сөзгө сынуу сапаттары, ак таңдай акындарыбыздын, күнү-түнү чарчабай айткан манасчыларыбыздын, көөдөндөн жамгырдай төгүп ырдаган төкмөлөрүбүздүн, жагымдуу обон созгон ырчыларыбыздын өнөрлөрү, уул-кыздардын улууну урматтап, кичүүнү сыйлаган астейдил адептүүлүгү, каадалуу, нускалуу карылардын даанышмандыгы жана башка улуттун улуу касиетин көргөзгөн уңгулуу үлгүлөр биздин эсибизге бул баалуулуктар аркылуу өсүп келе жаткан жаш муунга тарбия берүү, алардын аң-сезимине, улуттук баалуулуктардын өзгөчө баалуулугун жеткирүү, адамдын дүйнө таанымынын калыптануусуна тийгизе турган тарбиялык маани-маңызын түшүндүрүү зарылдыгы талап кылынарын салып турат [6,57-б.]. Мындан улам, бул миссия бүгүнкү күндө кандай аткарылып жатат, биз балдарыбызды туура жолго баштоого, коомдук, инсандык, жарандык маданиятка сыйбаган ар кандай терс көрүнүштөрдөн оолак болууга, жакшы менен жаманды, ак менен караны даана айырмалай билүүгө, адеп-ахлак, ыйман эрежелерин сактоого үндөп, түрткү болууга кудуретибиз жетип жатабы деген табигый суроо туулат.

«Балапан уядан эмнени көрсө – учканда ошону алат» дегендей, баланы адептүү, ыймандуу болууга тарбиялоонун башаты – үй бүлөө. Бирок, ыйман, адеп-ахлак касиеттерине караганда ар кандай айла менен акча табуу маселеси үстөмдүк кылып турган базар экономикасынын шарттарында көпчүлүк ата-энелер, алардын жүрүм-турумдары, кылык-жоруктары, интеллектуалдык жана инсандык маданият деңгээлдери балдар үчүн абдан чоң мааниге ээ экенин унутта калтырышууда. Материалдык кызыкчылык баарынан жогору турары жөнүндө саймедиреп, мыйзамсыз жолдор менен байлык таап, керек болсо, бийлик чөйрөсүнө аралашууга жетишип жатканына маашырланган, эртели-кеч балдарына китеп окуп, жомок айтып берүүнү кой, өзү өмүрүндө китеп бетин ачып көрбөгөн, байлык, бийлик гана жакшы жашоо деңгээлинин көрсөткүчү экенин баса белгилеп, материалдык кызыкчылыкты баарынан жогору коюуга багыттаган, аларды «бактылуу болууга эмес, бай болууга» үндөгөн, материалдык байлык менен ички дүйнө байлыгынын айырмасы асман менен жердей экенин туюп-сезе албаган ата-эненин тарбиясын алган жаштардын жан дүйнөсү – тазалык, ыйман, калыстык касиетине жана билим, акыл үрөөнү уялаган руханий азыктарга ээ болоруна ишеним артууга мүмкүн эмес. Анткени, акыл-ой, руханий көрөңгөсү, маданият, билим деңгээли кийген кийиминен, салган үйүнөн, минген машинесинен, сөйкө-шакегинен, жеген тамагынан арзан инсандардан жаш муунга үлгү болчу жагымдуу жагдайларды үмүт этүүнүн өзү – акылсыздык [7,20-28-б.].

Балдарга мектепке чейинки тарбия берүүнүн, башталгыч, орто мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун сапатынын кескин начарлаганы жөнүндө коомчулуктун дембе-дем коңгуроо кагып жатышы да бекеринен эмес. Тарбия иштери адегенде ата-эненин, андан кийин гана бала бакча, мектеп, коомчулуктун жана мам-

леkеттин милдети экени, комдук маданият абалын даана көрсөтүп туруучу таасын барометр – жаштардын билим деңгээли боло турганы унутта калып жатканы өкүндүрбөй койбойт.

Базар экономикасынын шарттарын дадил өздөштүрүүгө умтулуунун ордуна, тескерисинче, ага түркөй мамиле жасаган, бекер оокат табуу аракетинде одоно мыйзам бузууларга жол берген айрым адамдардын балдар аларды карап өсүп жаткандары менен иштери да жок. «Атаны көрүп – уул, энени көрүп – кыз өсөт» деген макалдын мааниси жоголуп барат бүгүнкү күндө. Кимдир бирөөлөрдүн кандайдыр бир көкүрөккө жагымсыз, коомго жат жосундарына туш болуп, же андай нерселер жөнүндө кулактары чалып калган учурларда: «Э, кокуй, бул кандай уятсыз, эл укса эмне дейт» деп улуу кишилердин кейигендерин угуп калар элек бала кезибизде. «Эл» деген сөз кошуна-колоң, айыл-апа, жаш-кары, аял-эркек, уят-сыйыт, нарк, касиет, абийир, намыс деген түшүнүктөрдүн баарын өзүнө камтычу. Эл алдындагы жоопкерчилик, адамдык, жарандык милдетти аткаруу, элден жалтануу, ийменүү, тартынуу, элди сыйлоо, урматтоо баарынан бийик экенин туюндурчу. Бул каймана айтылган сөз адамдын канчалык деңгээлде ыймандуу, маданияттуу экенинен кабар берчү да, коомго жат жоруктy жасоо уят, маданиятсыздык боло тургандыгын дароо эске салчу. А бүгүнчү? Бүгүн, тилекке каршы, элден эч ким уялбай калды... Жарандык, коомдук маданият, ыйман, этика чегине сыйбаган – уурулук, паракорлук, сойкулук, эки жүздүүлүк, абийирсиздик, алдамчылык, карөзгөйлүк, жоопкерсиздик, текеберчиликтен – киши өлтүрүүгө чейинки терс көрүнүштөр кадимкидей көнүмүш адатка айланып барат.

Тилекке каршы, бүгүнкү замандын балдарынын бала-бакча, мектеп, жогорку окуу жайларынан, көбүнесе, соодалашуу, жалган айтуу, мыйзамсыз иш аракеттерди жасоого баруу сыяктуу терс көрүнүштөргө күбө болуп жатышканы адаттагы эле көрүнүштөрдөн болуп калганы да ачуу чындык. Советтер Союзунун убагында түшкө да кирбеген «мектеп рекети», «окуучулар арасындагы кылмыштуулук», «мектеп бизнеси», «мектеп салыгы» «мектеп жашындагы сойкулук» деген терминдердин пайда болушу – мектептердеги балдарга тарбия берүү сапатынын кескин төмөндөшүнөн улам окуучулар арасында ыйман, адеп-ахлак касиеттеринин болуп көрбөгөндөй жакыр абалга жеткенин, мугалим – окуучу – ата-эне ортосундагы тыгыз педагогикалык, психологиялык байланыштын ажырымын, жарандык жана инсандык маданият баалуулуктарынын баасынын күндөн-күнгө азайып бара жатканын далилдеп турат.

Өспүрүмдүн дүйнө таанымын калыптандыруу, аң-сезимин өстүрүү үчүн аларды китеп окууга үйрөтүү абдан чоң мааниге ээ экенин эстен чыгарбоо абзел. Сыйкырдуу китеп дүйнөсү менен аралаша өскөн баланын акыл-эси зирек, руханий көрөңгөсү бай болору эч качан күмөн жаратпайт. Эмне үчүн айрым улуттун өкүлдөрү, айталы, еврейлер же жапондор балдары эстерине кирип, кат тааный баштаган күндөн тарта жомок китептерди окууну, андан соң поэзия, музыка, сүрөт жана башка искусство түрлөрү менен алектенүүнү адат кылуусуна өзгөчө көңүл бөлүшөт, баланын болор-болбос эле ийгилигин чоң жетишкендик катары баалап, «андан өткөн акылдуу эч ким жок» экенин баса белгилей мактап, анын аң-сезиминин өнүгүшүнө кам көрүшөт, эгерде кайсы бир суроого жооп бере албай калса урушпай, тилдебей, уяткарбай, «албетте, сен аны жакшы билесиң да, мындай эмеспи» деп жардам бере салышат. Анткени, алар балдарынын билимдүү, аң-сезимдүү, маданияттуу, таалим-тарбиялуу булуп өсүүлөрүн каалашат жана балага ишеним көрсөтүү – анын ийгиликке жетишине жол ачарын эң жакшы түшүнүшөт [8,35-42-б.]. А биз, эмне, балдарыбыздын акылдуу, адептүү, билимдүү болушун каалабайбызбы, албетте каалайбыз, бирок ал үчүн талыкпай аракет кылууга, дайыма көңүл бөлүүгө, атайын убакыт коротууга сараңбыз. Эптеп эле аман-эсен чоңоюша, «калган ырыскысын кудай өзү берет» деп, камырабай бардык жоопкерчиликти Жаратканга жүктөй салабыз. Бирок, мөмөлүү дарактан жакшы түшүм алуу үчүн анын түбүн күндө жумшартуу, зарыл учурда сугаруу, керектүү жер семирткичтер менен азыктандыруу, ашыкча бутактарын кыркып, ооруп, куурай баштаган жалбырактардан, зыянкеч курт-кумурскалардан арылтып туруу үчүн кандай аракет талап кылынса, баланы татыктуу тарбиялоо үчүн да саат сайын, күн сайын ошондой эмгек, аракет кылуу зарылдыгын эсибизге албайбыз, алар

тез эле акылдуу, жакшы балдар болуп чоңойо калышса деп кыялданабыз. А эгер, ал үмүттөр акталбай калса, кемчилигибизди моюнга алып, кеч боло электе аны жоюуга аракет жасабайбыз. Ошондуктан, көпчүлүгүбүздүн балдарга жөрөлгөлүү тарбия берүү менен алардын татыктуу өсүүлөрү, турмуштан өз орундарын табуулары үчүн эмне жарыган эмгек кылганыбызды эстей албай эсибиз кетет. Жыйынтыктап айтканда, жаштар арасында улуттук баалуулуктарды жайылтуу коомдун өнүгүшүндө жана туруктуулугунда чоң роль ойнойт. Билим берүү, маданий иш-чаралар, социалдык түйүндөр жана үй-бүлөлүк тарбия улуттук баалуулуктарды сактоонун жана жайылтуунун негизги жолдору болуп саналат. Ааламдашуунун шартында бул баалуулуктарды заманбап ыкмалар менен жаштарга жеткирүү өтө маанилүү. Улуттук иденттүүлүктү сактоо менен гана мамлекет өзүнүн маданий жана руханий мурасын кийинки муундарга өткөрүп бере алат.

**Адабияттар:**


1. Асанов, У.К. Кыргыз элинин маданий мурасы [Текст] / К.У.Асанов // – Бишкек: Кыргызстан, 2015. С.46-47
2. Гобозов, И.А. Кризис современной эпохи и философия постмодернизма [Текст] / И.А. Гобозов // Философия и общество. – 2000. – № 2. – С. 80–98. – С. 84.
3. Ибраимов, Т.М. Кыргыз элинин салт-санаасы жана нарктык системасы [Текст] / М.Т.Ибраимов // – Бишкек: Билим, 2020. С. 135
4. Мукасов, С.М. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа [Текст] / С.М. Мукасов / Национальная академия наук Кыргызской Республики. Ин-т философии и права. – Бишкек: Илим, 1999. – С. 11. – 226 .
5. Мамытов, К. Улуттук баалуулуктар жана заманбап жаштар. [Текст] / К.Мамытов // – Бишкек: Турар, 2018.-188 с.
6. Губанов, Н.Н. Менталитет и его функционирование в обществе [Текст] / Н.Н.Губанов // Философия и общество.- Москва, 2006. №3 -С. 57.
7. Касымов, А.. Улуттук баалуулуктарды жайылтууда социалдык медианын ролу // «Социология жана тарых» журналы, 2022. №2, С. 20–28.
8. Сулайманова, Г. Жаштар арасында улуттук аң-сезимди калыптандыруу маселелери // «Кыргыз маданияты» журналы, 2021. №4, 35–42-б.


УДК: 101:316.75(575.2) (04)

**Бабашов Алтынбек Курманбаевич**
Институт философии им. А. Алтмышбаева Национальной академии наук Кыргызской Республики, кандидат философских наук, старший научный сотрудник.
**Кубатбеков Эсенбек Масылканович**
Международный Кувейтский университет, г. Бишкек, старший преподаватель

## СПЕЦИФИКА ИССЛЕДОВАНИЯ ДУХОВНОГО НАСЛЕДИЯ

**Бабашев Алтынбек Курманбаевич**
Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия институту, ага илимий кызматкер, философия илимдеринин кандидаты
**Кубатбеков Эсенбек Масылканович**
Эл аралык Кувейт университети, ага окутуучу

## РУХАНИЙ МУРАСТЫ ИЗИЛДӨӨНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

**Babashov Altynbek Kurmanbaevich**
Institute of Philosophy named after A. Altmyshbaev of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, candidate of philosophical sciences Senior Researcher
**Kubatbekov Esenbek Masylkanovich**
Kuwait International University, Bishkek, Kyrgyz Republic, senior lecturer

## SPECIFICITY OF RESEARCH OF SPIRITUAL HERITAGE